КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ
КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК
КОМПЛЕКСИН
ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА
ДЕПАРТАМЕНТ

ДЕПАРТАМЕНТ
ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ
ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО
КОМПЛЕКСА ПРИ
МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

2024-жыл 31-май № 85 Бишкек шаары

## Акыркы керектөөчүлөр үчүн жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого тарифтер жөнүндө

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №193 «Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-майындагы № 287 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №193 «Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 «Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө» токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык, отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 31-майындагы № 06/24 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам**:

1. 2024-жылдын 1-июнунан тартып акыркы керектөөчүлөр үчүн жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого тарифтер ушул буйруктун тиркемесине ылайык белгиленсин.
2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту жылуулук менен камсыз кылуучу ишканалардын даректерине жөнөтсүн.
3. Пресс-катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 30-ноябрындагы № 221 «Жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**

Кыргыз Республикасынын
Энергетика министрлигине караштуу
Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу
боюнча департаменттин
2024-жылдын « 31» майындагы № 85
буйругуна тиркеме

**Акыркы керектөөчүлөр үчүн жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого (салыктарды эске албаганда) тарифтер**

| № | Керектөөчүлөрдүн топтору | Чен бирдиги | Тариф |
|---|---|---|---|
| **Жылытуу максатындагы жылуулук энергиясына тарифтер** | | | |
| 1 | Калк(*): | | |
| 1.1. | айына 80 $м^2$ка чейин | сом/ Гкал | 1 560,0 |
| 1.2. | айына 80 $м^2$тан жогору | сом/ Гкал | Наркынын деңгээлинде |
| 2 | Өнөр жай | сом/ Гкал | Наркынын деңгээлинде |
| 3 | Бюджеттик керектөөчүлөр | сом/ Гкал | Наркынын деңгээлинде |
| 4 | Башка керектөөчүлөр | сом/ Гкал | Наркынын деңгээлинде |
| **Ысык сууга тарифтер** | | | |
| 1 | Калк (ысык суу түрүндөгү жылуулук энергиясы үчүн)(*) | сом/ Гкал | 1 560,0 |
| 2 | Өнөр жай, бюджеттик жана башка керектөөчүүлөр (ысык суу түрүндөгү жылуулук энергиясы үчүн) | сом/ Гкал | Наркынын деңгээлинде |
| **Буу түрүндөгү жылуулук энергиясына тарифтер** | | | |
| 1 | Калк(*) | сом/ Гкал | 1 560,0 |
| 2 | Өнөр жай | сом/ Гкал | Наркынын деңгээлинде |

**Эскертүү:**

(*) Жылуулук энергиясына жана ысык сууга жогоруда көрсөтүлгөн тарифтер бардык жылуулук менен камсыздоочу ишканалар үчүн (жаңыдан пайдаланууга берилген көп кабаттуу үйлөрдү жылуулук менен камсыздаган жериндеги жеке жылытуучу отканаларды кошпогондо) "Калк" тобундагы керектөөчүлөр менен эсептешүүлөрдө колдонулат.

Эсепке алуу шаймандары жана керектөө ченеми боюнча ысык суу түрүндөгү жылуулук энергиясына тариф керектөөчүлөрдүн бардык топтору боюнча жылуулук менен камсыздоочу уюмдар үчүн ысык суу түрүндөгү жылуулук энергиясына белгиленген тарифке жараша жекече белгиленет.